УДК: 378:147.161

Саткулов Т.Т.
*Кыргыз-Өзбек университети*

# ИНЖЕНЕР-ПЕДАГОГДОРДУ ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада инженер-педагогдорду дидактикалык жактан даярдоо маселелери жана аларга проблемалуу окутууну үйрөтүүнүн психологиялык-педагогикалык негиздери каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *инженердик педагогдор, педагогикалык технологиялар, компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүүлүк негизде билим берүү, проблемалуу окутуу.*

*В статье рассматриваются проблемы дидактической подготовки будущих инженеров-педагогов, а также психолого-педагогические основы проблемного обучения.*

***Ключевые слова.*** *инженер-педагоги, педагогические технологии, компетенция, компетентность, компетентностный подход, проблемное обучение.*

*The article considers the problems of the didactic preparation of future engineers – teachers, as well as the psychologycal and pedagogical basis of problem training.*

***Key words:*** *an engineer – teachers, educational technologies, competency, competence, competence approach, problem teaching.*

Глобolизация жана миграция процесстери ар бир адамга жашаган жерин (өлкөсүн) жана иштеген ишин (кесибин) өзгөртүүгө өтө ыңгайлуу шарт түзүүдө. Мына ошондуктан биздин республикабызда жаштарды жумушчулук кесиптерге үйрөтүүнүн сапатын ар тарабынан жогорулатып, алардын ар түрдүү кесиптердин ээси болуусун камсыз кылуу зарылдыгы жаралып олтурат. Заман талабына ылайык келген жумушчу адистерди даярдоо өлкөнүн бүгүнкү күндөгү техникалык прогресс шартында бөтөн өлкөлөргө тең тайлаш өнүгүүсүн камсыз кылуучу шарттардан болуп саналат.

Техникалык университеттерде инженердик адистикте окуган студенттерге терең педагогикалык жана психологиялык билимдерди берүү зарыл. Анткени ал адисттиктин бүтүрүчүлөрүнүн басымдуу көпчүлүгү ЖОЖду аяктагандан кийин кесиптик лицейлердин педагогдору болуп иштешет. Мына ошондуктан профессионалдык лицейлерде билим алып жаткан болочок жумушчуларга заманбап билим жана тарбия берүү үчүн ЖОЖдо инженердик адистикте окуган студенттерге окутуунун дидактикалык негиздерин ар тараптан терең үйрөтүп, алардын дидактикалык жактан даярдыгын (билимдерге, көндүмдөргө, билгичтиктерге ээ кылууну) жана компетенттүүлүгүн өркүндөтүү зарыл маселелерден болуп саналат.

Азыркы кезде педагогикалык, психологиялык илимий адабияттарда кеңири учуроочу компетенция, компетенттүүлүк, компетенттүүлүк негизде билим берщщ терминдери практик педагогдор арасында да кеңири колдонулуп, ЖОЖдо болочок адистерди даярдоодо билим берүүнү компетенттүүлүк мамиледе жүргүзүүгө өтүүдө. Компетенттүүлүк мамиледе билим берүү **окутуунун натыйжасына** негизделип жүргүзүлөт. Мында бүт окуу программалары адис үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат.

Техникалык ЖОЖдун инженердик адистикте окуган студенттери үчүн “өз кесибин сүйүү”, “сабак өтө билүү”, “сабакты пландаштыруу, конструкциялоо, талдай билүү”, “окутуунун жаңы технологияларын колдоно алуу” ж.б. дидактикалык көндүм, билгичтиктер өтө зарыл компетенттүүлүктөр болуп саналат. Болочок адистерде жогоруда аталган компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу максатында техникалык ЖОЖдордо окутулуучу “Педагогика жана психология”, “Инженердик психология” жана “Жалпы техникалык дисциплиналарды окутуунун методикасы” ж.б. сабактарды окутууда окутууну интерактив технологиялар менен жүргүзүү зарыл. Мына ошондо гана инженердик

адистикте окуган студенттерде кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн жогоруда аталган сабактарды окутуунун натыйжалуулугун ар тараптан арттыруунун жолдорун жана ыкмаларын табууга жана өркүндөтүүгө жетишүүгө болот.

Техникалык университеттерде инженердик адистикте окуган студенттерге дидактикалык билимдерге, көндүмдөргө, билгичтиктерге үйрөтүүдө аларды окутуунун жаңы технологиялары менен куралдандыруу зарыл. Анткени педагогикалык жаңы технологиялар билим берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун арттырууда чоң мааниге ээ.

Педагогикалык технологиянын маани-мазмунун педагогикалык психология боюнча көрүнуктүү адис, Москва мамлекеттик университетинин профессору Н.Ф.Талызина төмөнкүдөй түшүндүрөт: "Илим менен практиканын ортосунда өзгөчө илим болушу керектигин белгилейт. Ал илимдин жетишкендиктерин практикада колдонуунун принциптерин, методологиясын, усулдарын иштеп чыгат жана аларды ырааттуу колдонууну ишке ашырууга багытталат. Ансыз педагогикалык процесс ийгиликтүү болбойт» [1.72.].

Педагогикалык технология окуу процессин окуучулар үчүн да, мугалимдер үчүн да эң ыңгайлуу кылып долбоорлоого жана уюштурууга багытталат. Эң башкысы, педагогикалык технология билим берүүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында ар тарабынан өтө кылдат ойлонулган окутуу процессин ишке ашыруу максатындагы мугалим менен окуучунун биргелешкен педагогикалык ишмердүүлүгү болуп саналат.

Педагогикалык жана психологиялык адабияттарда педагогикалык жаңы технологиялардын максаты жана кызматтары катары: окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун арттыруу; мугалим менен окуучунун өз ара карым-катышын жакшы жолго коюу; окуучулардын терең билимге ээ болушун камсыз кылуу; окуучулардын ойлоосун өстүрүү, окуучуларды эркин жана чыгармачылык ой жүгүртүүгө көнүктүрүү; окуучулардын шык-жөндөмдөрүнүн ачылышына шарт түзүү [2] экендиги баса белгиленет.

Биз окутуунун жаңы технологиялары дегенде окутуунун натыйжалуулугун арттырып, окуучуларды жетик инсан катары өстүрүүчү окутуунун жаңы технологияларын жана методдорду түшүнөбүз. Аларга: проблемалуу окутуу технологиясы, оюн технологиялары, программалаштырып окутуу технологиясы, маалымат технологиясы, интерактивдик окутуу стратегиясы ж.б. кирет.

Биз проблемалуу окутуу технологиясын студенттерге үйрөтүү аркылуу алардын дидактикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу жаатындагы өз тажрыйбабыз жөнүндө сөз кылабыз..

Техникалык университеттерде инженердик адистикте окуган студенттердин дидактикалык билимдерин, көндүмдөрүн өнүктүрүүдө проблемалуу окутуу технологиясын үйрөтүүнүн ролу чоң.

Пробемалуу окутуу технологиясын үйрөтүүдө студенттерге проблемалык окутуунун этаптарын, ар бир этапка коюлуучу талаптар, методдун жакшы жактары жана кемчиликтери так ачык түшүндүрүлүшү шарт.

Проблемалуу окутуунун усулдары катары төмөнкүлөр эсептелинет:

1. Проблемалык (баяндоо) айтып берүү.
2. Эвристикалык изденүү.
3. Изилдөө.

Проблемалуу окутуу **алты этапта** ишке ашат.

Проблемалык окутууда эң маанилүү этап болуп проблемалык жагдайды (кырдаалды)– ойлонуунун, маселени чечүүнүн керектигин сезүү абалын түзүү эсептелинет. Эң башкысы, өздөштүрүлүүчү проблема окуучу үчүн аткара ала тургандай татаалдыкта болушу зарыл шарт болуп саналат.

Окутуу проблемасын жаратуу жана аны аңдап-билүү менен **биринчи этап** аяктайт.

**Экинчи этап - проблеманы чечүү.** Мында окуучу маселени чечүүгө керектүү (тиешелүү) болгон өзүнүн билими канчалык экендигин талдоого алат. Проблемаларды чечүү үчүн окуучу өз билиминин жетишсиз жактарын аңдап билгенден кийин, ал жетишпей жаткан маалыматты издеп табууга аракеттенет.

**Үчүнчү этап** проблемаларды чечүүгө жетишсиз болгон билимдерди алууга багытталат. Окуучу «Мен муну кандайча иштөөнү билем» деген жыйынтык ойго келүү керек.

**Төртүнчү этап** -маселени чечүү, жыйынтыкты, натыйжаны алуу.

**Бешинчи этапта** алынган жыйынтык, натыйжа текшерилет, аны алгачкы божомол менен салыштыруу ишке ашат.

**Алтынчы этапта** алынган билимдерди, билгичтиктерди системалаштыруу жана жалпылаштыруу жүрөт [3.49-50].

Проблемалуу окутуунун өзгөчөлүктөрү катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

*Проблемалуу окутуунун жакшы жактары:*

- Өз чыгармачылык ишмердүүлүгү менен, өзүнүн күчү менен маалыматтарды табуусу, билим алуусу;
- Окуу ишине карата кызыгуунун күчтүү болушу;
- Окуучулардын ойлоосунун өнүгүшү;
- Окутуунун натыйжасынын бекем болушу;

*Проблемалуу окутуунун кемчиликтери:*

- Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруунун кыйындыгы;
- Максатка жетүүгө убакыттын көп талап кылынышы [3.50-51].

Эң башкысы, проблемалуу окутууда мугалим студенттерди талкууланып жаткан проблемага жетелеп келүүсү, талкууга алынуучу маселелердин чегин аныктап берүүсү зарыл. Ошондой эле мугалим өзү койгон проблемаларга, суроолорго өзү жооп бербеши керек, проблемалуу маселенин мазмунун кайрадан түшүндүрүп бербеши керек.

Проблемалуу окутуу технологиясын колдонууда студенттердин активдүүлүгүнө таянып, алардын билим алуусун натыйжалуу болушуна жетишүү менен студенттердин ойлоосун, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жетишебиз.

Проблемалуу окутуу П.Я.Гальпериндин, В.В.Давыдовдун, Л.В.Занковдун ж.б. теорияларынын негизинде жаралган окуучуну **өнүктүрүүчү окутуу технологиясы** болуп эсептелинет. Мында окуучулар окуу маселелерин чечүү менен өз алдынча билимдерди алышат, чыгармачылык ойлоосу жана таанып-билүү активдүүлүгү өсөт.

Техникалык университеттерде "Педагогика жана психология", "Инженердик психология" жана "Жалпы техникалык дисциплиналарды окутуунун методикасы" сабактарын окутууда проблемалуу окутуу технологиясын колдонуу студенттерге адистик билим берүүнүн натыйжалуулугун арттырары жана аларда кесипке зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырары биздин иш тажрыйбабыздан белгилүү болууда.

**Адабияттар:**

1. Азизходжаева Н.Н. Педагогические технологии и педагогическое мастерство. – Ташкент. 2003. 192 с.

2. Мурзаев М.С. Окутуунун психологиясы (окуу-методикалык колдонмо) – Ош, 2004 -92 б.

3. Тайиров М.М., Мурзаев М.С. Окутуунун жаңы технологиялары. – Ош, 2009. 144 б.